КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛАА

---

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XV сессиясынын жыйынынын

**ТОКТОМУ**

2024-жылдын 26 - январы, № 15/2 Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин 2024-жылга перспективалык иш-планын бекитүү жөнүндө**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин 22.06.2022-жылдагы № 7/2 токтому менен кабыл алынган Регламентинин негизинде айылдык Кеңештин 2024-жылга түзүлгөн перспективалык иш-планынын долбоору боюнча айылдык Кеңештин катчысы С.Осмоналиевдин берген маалыматын, туруктуу комиссиялардын төрагаларынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин 2024-жылга түзүлгөн перспективалык иш-планы тиркемеге ылайык бекитилсин.
(тиркеме тиркелет).

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басары А.Үтөңбай уулуна тапшырылсын.

**Төрага** **Н.Айтбаев**

**Депутаттардын Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин ( VII чакырылыш) 26.01.2024-жылдагы кезектеги XV сессиясынын жыйналышынын № 15/2 токтомуна тиркеме**

## Депутаттардын Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин 2024-жылга түзүлгөн перспективалык иш планы

| № | Каралуучу маселе | Каралуучу айы | Сессияга даярдоочу жооптуу кызматкерлер | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Айылдык Кеңештин депутаттарынын эл арасында жүргүзүп жаткан иштери боюнча отчетторун угуу | ар бир кварталда | Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 2 | Айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовдун 2023-жыл ичинде жүргүзгөн иштеринин абалы жана 2024-жылга милдеттери жөнүндө | февраль | Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү жана айыл өкмөтүнүн аппараты | |
| 3 | Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бекитилген бюджетинин аткарылышы жөнүндө | февраль | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана ФЭБ башчысы | |
| 4 | Алыскы жана жакынкы жайыттарды, кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин иштетүү жана пайдалануу,жер көчкү, жер саясаты боюнча айыл өкмөтүнүн 2023-жылы жүргүзгөн иштеринин жыйынтыгы жөнүндө | февраль | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 5 | Айыл аймагындагы жашаган калктын малдарын жугуштуу ооруларга каршы эмдөө,идентификациялоо жана жалпы эпизоотиялык абалды көзөмөлгө алуу боюнча айыл өкмөтүнүн жана ветеринардык сервистердин 2023-жылы жүргүзгөн иштеринин абалы жөнүндө. | апрель | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 6 | Жазгы талаа жумуштарынын абалы, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү боюнча айыл аймагында жүргүзүлүп жаткан иштердин абалы жөнүндө. | апрель | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 7 | Ылай-Талаа айыл аймагынын калкын пенсия, пособия маалымат менен тейлөөдө Ылай-Талаа айылдык байланыш бөлүмүнүн жүргүзүп жаткан иштери жөнүндө | апрель | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары, айылдык байланыш бөлүмүнүн башчысы | |
| 8 | Айыл аймагында жашаган калкты таза суу,сугат суу менен камсыз кылууда жана таштандыларды ташып чыгууда айыл | июль | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары, "Ылай- | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | өкмөтүнүн жана “Ылай-Талаа Тазалык” МИнын 2023-жыл ичинде жүргүзгөн иштери жөнүндө | | Талаа Тазалык” МИ жетекчиси | |
| 9 | Айыл аймагында кылмыштуулуктун алдын алуу жана ага каршы жүргүзүлүп жаткан иштер, ыксыз чыгымдарды азайтуу боюнча «Коомдук алдын алуу борборунун», аймактык инспектордун ,айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн комиссиялардын жана Аксакалдар Сотунун, Аялдар, Жаштар Кеңештеринин жер-жерлерде жүргүзгөн иштеринин абалы жөнүндө | июль | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү, аймактык инспектор, коомдук Кеңештер жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 10 | Айыл өкмөтүнүн алты айлык бюджетинин аткарылышынын абалы жөнүндө | июль | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана ФЭБ башчысы | |
| 11 | Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн аймагындагы билим берүү мекемелеринин иш-аракеттерин камсыз кылуу боюнча айыл өкмөтүнүн жана билим берүү мекемелеринин жүргүзүп жаткан иштери жөнүндө | октябрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 12 | Айыл өкмөтүнүн тогуз айлык бюджетинин аткарылышынын абалы жөнүндө | октябрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана ФЭБ башчысы | |
| 13 | Сырткы жана ички инвестицияларды тартууда айыл элинин социалдык-экономикалык абалын жакшыртууда айыл өкмөтүнүн жүргүзүп жаткан иштери жөнүндө | октябрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 14 | Айыл өкмөтүнүн аймагында жашаган элди электр энергиясы менен тейлөөнүн жүрүшү жана дебитордук карыздардын төлөнүшүнүн абалы жөнүндө | декабрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 15 | Айыл аймагында жашаган калктын саламаттыгын сактоодо № 7 ҮДТ жана ФАПтардын жүргүзгөн иштеринин абалы жөнүндө. | декабрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары, №7 ҮБДТ-нүн башчысы | |
| 16 | Эмгек коллективдерде жана айыл өкмөтүнүн аппаратында эмгек тартибин чыңдоо жана эмгек тартибин бузгандарга каршы жүргүзүлүп жаткан иштердин абалы жөнүндө | декабрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү | |
| 17 | Айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бюджетин бекитүү жөнүндө | декабрь | Туруктуу комиссиялар, ФЭБ башчысы | |

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин катчысы: С.Осмоналиев**